КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН
## V-IX –КЛАССТАР
## ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

**Бишкек -2018**

Кыргыз Республикасынын
Билим жана илим министрлигинин
2015-жылдын 8 октябрындагы
№ 1247/1 буйругуна тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын**
**5-9-класстар үчүн «Кыргыз адабияты» боюнча предметтик стандарт**

**Мазмуну**

**1-бөлүм. Жалпы жоболор**
1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү
1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы
1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**2-бөлүм. Предметтин концепциясы**
2.1. Кыргыз адабиятын окутуунун максаты жана милдеттери
2.2. Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери
2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр
2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы
2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү
2.6. Предметтер аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер

**3-бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо**
3.1. Окуучуларды окутуудан күтүлүүчү натыйжалар (баскычтар жана класстар боюнча)
3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

**4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар**
4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар
4.2. Шыктандыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

## 1- бөлүм. Жалпы жоболор

### 1.1. Документтин макамы жана түзүлүшү

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин менчигинин түрлөрүнө, типтерине (лицей, гимназия, автордук мектеп ж.б.) карабай 5-9-класстарында кыргыз адабиятын окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары КРнын орто жалпы Мамлекеттик билим берүүчү стандартынын негизинде иштелип чыкты.

Стандартты иштеп чыгууда КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу планында көрсөтүлгөн окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү эске алынды.

Аталган стандарт кыргыз адабиятын окутуунун негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, мектеп окуучуларына кыргыз адабияты сабактарында көркөм сөз каражаттары аркылуу билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз адабиятын окутуунун өзөктүү курсун, башкы таяныч-жолун белгилейт.

Стандарт, негизинен, аталган предмет боюнча окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин (класстардын) окуу программасын иштеп чыгуунун мазмунун, өлчөмүн жана өзөгүн аныктап берет жана ага негиз болуп кызмат кылат.

Бул стандарттын негизинде окуу программалары түзүлөт, окуу китептерди жазууда да дал ушул стандарттын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну түзүлөт.

Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, урунттуу компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар адабияттык билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт. Жогорку окуу жайларында кыргыз тили, адабияты мугалимдерин даярдоодо, мугалимдердин адистигин жогорулатууда, аларды аттестациялоодо, кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик сынактардын, олимпиадалардын, конкурстардын, дил баяндардын суроо-тапшырмаларын түзүүдө негизги таяныч жана үлгү болуп саналат. Ошону менен бирге, бул документте окуу материалдарынын курстарга бөлүштүрүү өлчөмдөрү, андагы уланмалуулук, ал курстарынын сааттарынын көлөмү да так аныкталып көрсөтүлгөн.

Кыргыз адабиятын окутуунун стандарты бүтүн логикада түзүлгөн документ, ал төрт негизги бөлүмдөн турат, алар: жалпы маселелер; предметтин концепциясы; күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо; билим берүү процессине коюлуучу талаптар.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот: мурдагы стандартка караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана түйүндүү (б.а. негизги) компетенттүүлүктөрдүн (маалыматтык, социо-коммуникативдик жана өзүн-өзү уюштуруучулук, көйгөйлөрдү чечүү) предметтик компетенттүүлүктөр менен (окурмандык, баалуулук - дүйнө таанымдык жана адабий - чыгармачылык компетенттүүлүк) байланышы; окутуудан алынуучу натыйжалардын даана белгилениши; окуучулардын жетишкен теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

Сунушталган кыргыз адабияты боюнча стандарт азыркы мезгилдеги окуу процессин жетекчиликке алуу менен бирге, стандартты, окуу процессин жаңылоо багытындагы окутуу усулдарын, окуу китептерин жаңылоо максатында колдонулуп келген программадагы жана окуу китебиндеги ашыкча кайталоолорду азайтып, окутуу системасын дүйнөлүк стандартка алып чыгууга, саясатташкан жана авторлордун кадыр-

баркына, сыйлык-наамдарына карай окутууга сунуш кылынып жүргөн чыгармалардан арылууга, соңку учурда педагогика, психология, социология, адабият таануу, лингивистика ж.б. илимдер ачкан жаңы технологияларды колдонууга жардам берет.

Коомдогу социалдык деградациядан, ыймандык кризистен алып чыгууда, адамдын ички дүйнөсүн тазалоодо адабият сабагынын мааниси чоң. Кыргыз элинин «Манасты» жараткан көркөм тил байлыктары азыркы жаштар тарабынан бааланбай, активдүү колдонулбай жаткан шартта эне тилибиздин байлыгын, көркөм-эстетикалык тереңдигин да кийинки муунга жеткирип берүүдө адабият сабагынын ролу өлчөөсүз чоң. Коом мүчөлөрүнүн кеп маданиятын, сүйлөшүү этикасын жана эстетикасын үйрөтүүдө да адабият сабагы өз милдетин аткарат.

Улуттук билим берүү дүйнөлүк илим-билим тармактарына улам көбүрөөк тутумдашып жаткан азыркы учурда адабият сабагын башка предметтер менен интеграциялоо проблемалары да курч коюлуп жаткан кырдаалда бул стандартта ал маселе да ар тараптуу каралат.

“Адабият” предмети биринчи жолу “Искусство” билим берүү тарамына кошулганы стандарттын жаңылыгы катары белгиленет. Бул жаңылык предметти окуп-үйрөнүүгө илимий мамиле кылууну көркөм ык менен алмаштырат, көркөм чыгармага адабий анализ (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүнүн ордуна эстетикалык анализдөө менен алмаштырууга умтулууга негиз болот.

Кыргыз адабияты боюнча стандартта:

- адабий билим берүү процессин жөнгө салууга;
- ар бир мектептин, ар бир мугалимдин, ар бир окуучунун өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө;
- аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алууга
- окуучулардын чыгармачылыгын өстүрүүгө
- мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун чыгармачыл диалогун түзүүгө ж.б. кеңири мүмкүнчүлүк ачылат.

Кыргыз адабияты боюнча стандартта төмөндөгүлөр өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алат:

- окуу китебинин, окуу-усулдук колдонмолорунун авторлору;
- болочок кыргыз адабияты мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайларынын тиешелүү дисциплиналар боюнча окуу программаларын түзүүчүлөр;
- кыргыз адабияты мугалимдери;
- билим берүү системаларынын жетекчилери;
- кыргыз филологиясы боюнча билим алып жаткан студенттер, магистрлер;
- кыргыз адабиятын окутуу боюнча илимий иш жүргүзгөн аспиранттар, изденүүчүлөр, методист-окумуштуулар.

**1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы**

Бул стандарт төмөнкү нормативдик документтердин негизинде түзүлдү:

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-ж.);
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты;

3. Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2008-ж.);

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары;

5. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясы.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Акыл даярдыгы** – жаңы теманы өтүүдөн мурда окуучуларга күнүмдүк жашоодо кездешкен, темага багыт алдырууга даярдоочу, өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү аркылуу жаңы маалыматтарды түшүнүүгө даярдоо.

**Акыл чабуулу** – булкеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялар талдоого алынат, бул учурда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат, интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

**Баа** – бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу-формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу (белгиси).

**Баалоо** – бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

**Баа берүү** – бул учурда баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы жүзөгө ашат.

**Баа койбостон баалоо** – бул 5 баллдык баалоо системасына салууга мүмкүн болбогон шарттуу белгилер менен белгиленген көрсөткүчтөр (шкалалар), ар кандай параметрлер боюнча окуучунун окуу-үйрөнүү деңгээлин көрсөткөн «жекече жетишкендиктер баракчалары», конкреттүү критерийлер менен баалоодон келип чыккан иштеринин жыйынтыктары (процент менен, бөлчөктөр аркылуу, диаграмма, схема, чиймелер ж.б.). Баалоонун бул формасы мугалим, окуучу жана ата-эне үчүн андан аркы өнүгүүнү пландаштырууга кызмат кылышы керек.

**Баа койбостон окутуу** – окуучунун өз иш-аракетин өз алдынча баалоого үйрөнүүсүн, өздүк жетишкендиктерин жалпыга белгилүү көрсөткүчтөр менен өлчөө, жалпысынан айтканда, окуучунун өз алдынчалыгын өстүрүүнү айтабыз.

**Билим берүүнүн сапаты** – билим берүүнүн натыйжаларынын ар түрдүү билим берүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, жалпы эле коомдун) күтүүсүнө же алар тарабынан коюлган билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине шайкештигинин даражасы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүүнүн стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына шайкештигин көрсөтөт. Бул түшүнүктүн маанилүү өзгөчөлүгү динамикалуулукта, вариативдүү жана иштиктүү мүнөзүндө турат.

**Билим берүүнүн стандарты** – негизги билим берүү программаларындагы билимдин мазмунунун минимумун, окуучунун даярдыгынын сапатына коюлуучу базалык талаптарды, билим алуучулардын мүмкүн болгон окуу жүгүнүн чегин аныктоочу нормалар менен эрежелердин топтому.

**Диагноздоочу баалоо** – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо.

**Долбоор методу**– кандайдырбир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып, жашоо-турмушка өзгөчө зарыл болгон натыйжаларга жетүү максатын көздөгөн метод.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.

**Инновация** (анг. «жаңылануу, өзгөрүү» деген сөз) педагогикалык системада илимдин, техниканын жаңы жетишкендиктерин, жаңы технологияны колдонуу менен окуу-тарбия процессинин жаңылануусуна жетишүү, б.а. натыйжалуу, эффективдүү кайра жаралуу процессин түзүү дегенди билдирет. 20-кылымдын 80-жылдары педагогикалык лексикондо «инновация» деген түшүнүктү ( адегенде журналисттер, андан кийин ар кандай кесип ээлери) колдоно баштаган. Ал кайра жаралуу мезгилине таандык.

**Индикатор** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч».

**Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору)** – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

**Окутуунун максаты** – окуучулар когнитивдик (таанып -билүүчүлүк), аффективдик (эмоциялык- баалуулук) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп-үйрөтүүнүн утурумдук жана түпкү натыйжалары.

**Окутуунун түшүндүрүп-иллюстрациялоо түрү** окутуунун башка түрлөрүнө караганда бир катар артыкчылыкка ээ. Эң башкысы өтүлгөн тема боюнча негизги материалды эстеп калуу жагы жакшы жүзөгө ашырылат. Окутуунун мындай түрү мектептерде узактан бери колдонулуп, аны дагы өркүндөтүү менен ар кандай көрсөтмөлүүлүктөр көп пайдаланылып, жаңыдан өтүлө турган теманы түшүндүрүүдө убакытты үнөмдөөгө жетишет. Өтүлүүчү материалды кыска мөөнөттө түшүндүрүүгө болот. «Кемчилиги» көбүнчө окуучуларды «даяр» далилдерди гана айтып берүүгө үйрөтүп, өз бетинче иштөөгө, анын тегерегинде ойлонууга, изденүүгө түртө албайт.

**Окутуу методдору:**

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат.

Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп, ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) обьектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механимзми); д) максатка жетүүнү камтыйт».

Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт.

**Пассивдүү методдо** мугалим сабак процессинин негизги башкаруучусу, башкы кыймылдаткыч күчү катары көрүнөт да, окуучулар менен анын иш-аракетин байкоочу, сөзүн тыңдоочу. Мында көбүнчө лекция, суроо-жооп, текшерүү иштерин жазуу, тесттин суроолоруна жооп берүү, мугалимдин айтканын кайталоо сыяктуу ыкмалар колдонулат.
**Активдүү методдо** мугалим менен окуучунун сабак процессиндеги алака-катышында окуучулар жандана баштайт, алар тыңдоочу, байкоо позициядан таасир этүүчү, аракеттенүүчү абалга өтөт. Эгерде пассивдүү методдо мугалим башкы орунда болуп, сабактын жетектөөчү фигурасы ошол киши катары көрүнсө, активдүү методдо мугалим менен окуучу бирдей аракет кылып, тең салмактуулукту турушат.
**Интерактивдүү метод** болсо активдүү методдун дагы өркүндөгөн формасы. Бул өзү – «биргелешип аракет кылуу» дегенди түшүндүрөт, б.а. мугалим менен окуучу бири-бири менен биригип, бирдей аракет кылып, максатка жетүү жолун издешет. Мында бүтүндөй класс жандуу аракетте, кыймылда, чыгармачылык изденүүдө болот.
**Окшоштуруу методу** бир окуяны же маселени ар кандай өңүттөн талкуулоо, бир документти талдоо үчүн кандайдыр бир эрежелердин негизинде окшоштук белгилерди табууга, андай белгилердин моделин түзүүгө багытталган метод.
**Өрнөк окуя методу** болуп өткөн же боло турган бир окуяны же кубулушту окуучуларга айтып берүү жана ал окуяда баяндалган маселени суроо-жооп формасында талкуулоо аркылуу өткөрүлөт.
**Кайтарым байланыш**– иш-аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң ыңгайлуу жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси.
**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо**– булокуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси.
**Компетенттүүлүк** – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш - аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.
**Компетенция**– (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү)- окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).
**Критерий** – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана класификациялоого негиз болуучу белги, баанын ченеми.
**Метод**– педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы:

- айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);
- көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);
- практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу.

**Мотивация** – талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси. Натыйжалар (билим берүүдөгү) – билим алуучулардын инсандык,

жарандык жана кесиптик жактан өзүн-өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

**Маселе чечүү методу** – маселечечүүнүн илимий негиздерин жетекчиликке алуу аркылуу окуучуларга практикалык мүнөздөгү маселелерди чечүүнүн жол-жоболорун үйрөтүү максатын аркалайт. Көрсөтүп аткартуу методу кандайдыр бир иш-аракетти, адегенде көрсөтүп, андан соң окуучулардын өздөрүнө жасатууну көзөмөлдөп турат.

**Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөр** – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда ишке ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече мүнөздөргө ээ. Билим берүүчүлүк мамлекеттик стандарт негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмегин аныктайт, ал эми предметтик стандарттар айрым алынган предметтердин материалында аларды предметтик компетенттүүлүктөр түрүндө конкреттештирет.

**Роль ойноо методу** – роль аткаруу аркылуу окуучулардын туюм-сезимдерин жана ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө багытталат.

**Суроо-жооп методу** сабакта окуучулардын активдүүлүгүн жандандыруу максатында карым-катыш түзүүдө көп колдонулган метод болуп эсептелет. Суроолор максатына, жооптун түрүнө, үйрөтүү методуна, берилиш формасына жана кимге багытталганына карай бири-биринен айырмаланат. Бардык учурда мугалимдин таасирдүү, ойлондуруучу, проблемалуу суроо бере билүүсү, б.а. бул ыкманы натыйжалуу колдоно билүүсү талап кылынат.

**Талдоо** («анализ», байыркы грек тилинен, «ажыратуу») – бул ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө аткарылат.

**Талкуу методу**–окуучуларөз ойлорун эркин ортого сала билүү, башкалардын көз карашын сыйлай билүү, өз ара карым-катышта болуу сыяктуу жөндөмдөрүн өстүрүүгө багытталат. Бул методдун негизги ыкмаларынын бири - чоң тайпаларда талкуу жүргүзүү. Ал эми чакан топтордогу талкуу чоң топту чакан топторго бөлүү аркылуу ишке ашырылат.

**Синтез** (грек тилинен: чогултуу, жыйноо) –бул метод талдоо, иликтөө процессинде жетишилген түшүнүктөрдү, пикирлерди, ойлорду, көз караштарды жыйноо, чогултуу, бир толук пикирге келүү, курамдык бөлүктөрдү бир бүтүн катары элестетүүнү билдирет. Ал дагы адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө ишке ашат.

**Эвристикалык таанып билүү методу:** (грек тилинен: таптым деген мааниде)бул проблемалуу суроолордун жана жагдайлардын негизинде окуучу өз алдынча ой корутундусуна келүүнү, чыгармачылык менен өз алдынча бир пикирге, ой корутундусуна келүүсүн билдирет.

**2- бөлум. Предметтин концепциясы**

Кыргыз адабиятынын окуу предмети катары спецификасын анын искусствонун өзгөчө түрү болгон ички табияты аныктайт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Дүйнөнү жандуу, конкреттүү жана биримдикте таанып-билүүнү кабылдоонун мүмкүнчүлүгүнүн көркөм образдуулук, эстетикалык идеаларга багытталгандык, жекелик, инсандык кабылдоодогу башталыштар, таанып-билүүчүлүк, эстетикалык, адеп-ахлакка тарбиялоочулук, дүйнө таанытуучулук, коммуникативдик жана гедонисттик функциялары адабиятты искусствонун башка түрлөрү менен байланыштырып турат.

Адабият – турмушту көркөм таануунун жана чыгармачыл ишмердүүлүктүн өз алдынча тармагы.

Көркөм адабият искусствонун өзгөчө түрү катары коомдук аң-сезимдин башка формалары: мораль, дин, философия менен тагыз байланышта. Адабият таануу илими менен адабий сын, коомдук жана гуманитардык илимдер: тил илими, өнөр таануу, этика, эстетика, тарых, психология, педагогика жана логика менен байланышта өнүгөт.

Адабият өз алдынча окуу предмети катары башка предметтер, курстар жана билим берүүчү башка тармактар менен карым-катышта болот, тил предметтери менен бирдикте окуучунун сөз маданиятын өстүрөт; адеп сабагы сыяктуу окуучулардын ыймандык жактан таза болушу үчүн таасир этет; көркөм-эстетикалык циклдеги (сүрөт, живопись, музыка ж.б.) предметтер менен бирдикте окуучунун айлана-чөйрөгө болгон эстетикалык табитин, мамилесин калыптандырат; коомдук циклдеги (тарых, коом таануу, география, экономика ж.б.) предметтер сыяктуу эле адабият адам жана анын коомдогу ролу, орду жөнүндөгү проблемаларды көтөрөт, ой жүгүртүүнүн өнүгүшүн калыптандырат, тарыхка болгон окуучулардын сезимин байытат, эске тутуусун жөнгө салат, эң негизгиси көркөм сөзгө болгон мамилесин калыптандырып, анын чексиз мүмкүнчүлүгү менен инсандык башталмаларга жол ачат.

Адабият курсу окурмандык багыттагы окутууга таянат. Ушуга байланыштуу негизги концептуалдык жоболор окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн төмөнкү факторлоруна таянат:

- мектеп окуучуларынын жакынкы өсүү зонасын эске алуу менен окурмандык өнүгүүсүнүн жаш курак өзгөчөлүктөрү;
- адабий чыгармаларды дүйнөнүн көркөм модели катары түшүнүү спецификасы;
- мектеп окуучуларынын окурмандык өнүгүүсүнүн негиздерин натыйжалуу ишке ашыруу жолдору.

Көркөм чыгармаларды окуу – окуучулардын өнүгүү каражаты катары каралат. Окуучунун адабий өнүгүүсү анын жалпы өнүгүүсү менен, дүйнөлүк көз карашынын калыптануусу жана адеп-ахлактык баалардын эволюциясы менен түздөн-түз байланышта. Адабиятты окутуу окуучунун жаш курагын эске алат, бирок окуучу өздөштүргөн деңгээл менен канааттанууга жол бербейт. Бул мааниде билим берүүнүн милдеттери жетишкен деңгээлден алдыга кетет, окутуу процесси окуучунун өздөштүргөн абалын улам өзгөртүү процессине айланат.

Окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн үч мезгили бөлүп көрсөтүлөт. (В.Г. Маранцман).

5-6-класстардын окуучуларынын кадимки өнүгүүсүнө мүнөздүү болгон аркы-беркини көп байкабаган, аңдабаган реализм алардын аң-сезиминде чындык менен искусствонун кошулуп биригүүсүно алып келет. Бул куракта балдар эмоционалдуу активдүү, таасирленүүсү жана элестетүүсү күчтүү болгондуктан, алар чыгарманын идеясына, андагы окуялардын маанисине объективдүү мамиле кылышат. Бирок, автордук көз карашка кызыгуусу жана көркөм формага көңүл буруусу али өнүгө элек, ошондуктан окуганы, көргөнү боюнча алган таасирленүүсүн логикалык аргументтештирүү алар үчүн кыйыныраак. Мектеп окуучусунун эстетикалык жана адеп-ахлактык эволюциясынын ушул мезгилдеги жолу – ички уйгу-туйгу сезимден баалоого карай, сюжеттен каармандардын образдарына карай жана автордун өз каарманына жасаган мамилесине карай болот.

7-8-класстардын окуучуларында өзүн адеп-ахлактык тараптан тереңдетүү мезгили башталат. Алардын көркөм чыгармага болгон мамилеси инсандык жана субъективдүү боло баштайт. Өспүрүмдүн көбүнчө өзүнө ыклас коюшу чыгарманын объективдүү маанисин көрө билүүгө тоскоол болот. Автордук идеяны анын жеке инсандык көйгөйлөрү тосуп калат. Бул куракта окуучулардын чыгармачылык элестетүүсүнүн ылдам өнүгүүсү алардын текстти өз билгендей кылып негизсиз түшүнүүсүнө алып келет. Адабий чыгарманын адеп-ахлактык проблематикасын актуалдаштыруу, адабий жанрлар жана түрлөр жөнүндө түшүнүктөрүн систематизациялоо адабий билим берүүнүн негизги тапшырмасына айланат. Адабий чыгарманын окурмандык интерпретацияланышы анын илимий түшүндүрүлүшү менен, тексттин музыкада, сүрөт искусствосунда, театрда жана кинодо көркөм интерпретацияланышы менен салыштырылат.

9-11-класстарда окуучулардын “Мен жана дүйнө” маселесине – ушул куракттын байланыштарды билүү мезгилиндеги, себеп менен келип чыгууларды аңдоо мезгилиндеги борбордук маселеге кызыгуусу байкалат. Мектеп окуучуларынын жашоону көрө билүү горизонту кеңейет: алар адеп-ахлактык эле эмес, социалдык, эстетикалык көйгөйлөр менен алектенишет, аларда дүйнөнүн бүтүндөй толук картинасын түшүнүү, анын тарыхый өнүгүүсүн түшүнүү муктаждыгы пайда болот. Искусство чыгармасынын көркөм формасына көңүл буруусу тереңдейт, тексттин, живопись картинасынын, музыкалык пьесанын өз ара ички байланыштарын издөө башталат. Ушул мезгилде мектеп окуучуларын баарынан көп реалдуу жашоону адабият менен салыштыруу, искусствонун түрлөрүн бири-бири менен салыштыруу, искусствонун тарыхый өнүгүү мезгилдерин көркөм индивидуалдык менен салыштыруу кызыктырат. Бул көз караштан алганда, адабиятты окутуунун негизин мектепте билим берүүнүн ушул акыркы этабында, текстти биринчи ирет “момун-реалисттик” (Г.А.Гуковский) кабыл алуу гана эмес, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган аналитикалык талдоо түзөт. Бул болсо чыгарманы биринчи ирет кабыл алуу менен аны жыйынтыктоочу эстетикалык аңдоонун ортосундагы байланыштырган звено болуп калат.

Стандарттын негизин М.М.Бахтиндин адабият жөнүндө көркөм бүтүндүк катары, дүйнөнүн көркөм модели катары караган концепциясы түздү. Өсүп келе жаткан жаш адамды текст аркылуу автор менен маектешүүгө үйрөтүү, бул маектин толук жарамдуу катышуучусу болууга үйрөтүү – адабияттын мектеп курсунун негизги билим берүүчүлүк милдети.

Маданияттуу окурмандын алдында эки милдет турат:

1) чыгарманы автор өзү түшүнгөндөй түшүнүү, дүйнө картинасын “автордун көзү” менен көрүүгө аракеттенүү;

2) окулган чыгарманы өзүнүн (автордукунан айырмаланган) турмуштук жана маданий контекстине кошуп алуу.

Окуудагы эң башкы нерсе – **бул автор – көркөм текст – окурман мамилеси.**

Чыгарманы түшүнүүнүн негизинде этапы менен, көркөм текстти окуу, комментарийлөө, анализдөө, интерпретация кылуу көндүмдөрүн калыптандыруу жатат; көркөм тексттеги маанини түшүнүүнүн алгоритмин үйрөнүү жана өзүнүн тексттин түзүү, окуганы боюнча өз баасын билдирүү;

Ушуга байланыштуу компетенттүүлүктүн мазмунунда 4 аспектти бөлүп көрсөтөбүз:

- текстте ориентир алуу жана аны алгачкы кабыл алуусу;
- текстти анализдөө;
- интерпретациялоо;
- баалоо.

Анализ менен интерпретация тыгыз байланышта экенин жана философиялык жана идеологиялык мааниге ээ экенин практика көрсөтүп жатат. Анализ – бул чыгарманы майдалап бөлүштүрүү жана ошонун негизинде аны бирдиктүү бүтүн катары аныктоо, ал эми интерпретация чыгарманын маанисин туюм-сезим аркылуу кабылдоо болуп саналат.

## 2.1. Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары жана милдеттери

Адабият искусствонун бир түрү катары ички табияты менен өтөгөн функциясы жана окутуп тарбиялоодогу мектептин милдеттери адабият сабагынын максатын аныктайт.

Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө.

Адабиятты окутуунун **максаттары**:

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабият жөнүндө сөз искусствосу катары түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

Адабиятты окутуунун **милдеттери**:

- окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу;
- Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө;
- Мектеп окуучусунун окурмандык өнүгүүсүн камсыздоо.

Окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылуу; инсандын эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти,
жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезим жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн

калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу.

***Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары төмөнкү учурда ишке ашат:***

***Окуучулар:***

- көркөм чыгармаларды көп окушса;
- окуганын түшүнсө жана башкаларга түшүндүрө алса;
- ар тараптуу, системалуу, багыттуу даярданышып, окуй турган китепти туура тандай билип, окурмандык кызыгуусу артса;
- көркөм чыгарманын идеялык маанисин терең өздөштүрүп, кабылдоонун жекелик мүнөзү, чыгарманын мазмуну менен формасынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптан кенен кабылдап, ага жекече баа берип, берген баасын далилдей алса;
- адабият боюнча терең билимге жетишип, көркөм чыгармадан алган таасирлерди турмуштук кырдаалдарга жараша колдоно билүүгө ыңгайлашса;
- сөз байлыгы мол болуп, чыгарманын көркөм сөз каражаттарын өз сөзүндө пайдалана билсе;
- кебинин байланыштуулугу, коюздугу, тактыгы, таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, логикалуулугу, ырааттуулугу болсо ж.б.

## 2.2. Кыргыз адабиятын окутуунун методологиялык негиздери

Кыргыз адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга өзгөчө маани берилет. Кыргыз адабиятын окутуунун жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1. Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу маселеси.** Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу чыныгысоциалдык-турмуштук, коомдогу муктаждыктарга жараша аныкталат. Учурдагы кыргыз адабияты – окуучулардын сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө кызмат кылуусу шарт. Мектеп окуучусу кыргыз адабиятын өз дүйнө таануусунун, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун негизги каражатыкатары кабыл алып, адабияттык билимди терең өздөштүрүп, өз турмушунда колдоно алуусуна жетиштирүү максаты коюлат.

**2. Кыргыз адабиятын окутууну ааламдаштыруу маселеси.** Бул кыргыз адабиятын окутууда иштелип чыккан коцепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. алардын соңку жетишкендиктерин пайдалануу. Кыргыз адабиятын эл аралык, улуттар аралык карым-катнаштын, көп маданияттуу билим берүүнүн каражаты катары колдонуу, окутуу ишинде артыкчылык берүү. Предметти окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана көйгөйлөрдүн глобалдуулугун эске алганда көп маданияттуулук принцибин колдонуу актуалдашат. Бардык маданияттар өз мазмуну, өз бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат, ал эми маданияттын маанилүүлүгү айрым инсандар менен аныкталат. Кыргызстандагы коомчулук көп улуттуу табиятка ээ, көп маданияттуулук принциби билим берүүнүн мазмуну ар түрдүү этникалык маданияттардын белгилүү бир элементтерин чагылдырышы керек деп эсептейт. Этникалык маданияттар – өлкөнүн бардык адамдарынын жалпы байлыгы, Кыргызстандын жалпы улуттук маданияты – этникалык маданияттардын өз ара баюу жана өз ара сиңүү тарыхый процессинин жемиши.

**3. Кыргыз адабиятын окутууну гумандаштыруу маселеси.** Мында кыргыз адабиятын окутуу процессинде мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин карым-

катнашы, кызматташтык мамилелери, бири-бирин урматтоосу гумандуу педагогиканын шарты катары саналат. Мугалим адабий
түшүнүктөрдүн жыйындысын берүүчү гана адис эмес, окуучулардын адабий билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү калыптандыруучу катары саналат. Кыргыз адабияты сабагы мугалим менен окуучунун бири-бирин урматтоо сезимин калыптандырган, бир максатка багытталган ишмердүүлүктү жаратуу процесси болуп саналат.

**4. Кыргыз адабиятын окутуунун философиялаштыруу маселеси.** Кыргыз адабиятын окутуу процессинде көркөм чыгармалардын философиялык маани-маңызыадабиятты окутуу процессинде окуучулар өз алдынча адам мүнөзүнүн маселелерин философиялык жактан өздөштүрүшү, аларга: жакшылык менен жамандык, акыйкат менен наадандык, өмүр менен өлүм, адам жана кудай, адеп-ахлак жана муундар тагдыры, жеке адам жана табийгат, адамдык нарк, ыйман, парз, сыймык, ар-намыс ж.б. түшүнүктөрдүн көркөм чыгармада чагылдырылышы. Чыгарманын философиялык маанисин, кыргыздардын улуттук ойлоо өзгөчөлүктөрүн талдоо, аларга баа берүү.

Кыргыз адабиятын окутууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун обьектисинкөркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндооиштери аркылуу жүргүзүлүшү шарт.

**2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр**

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат.

Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

**Окурмандык компетенттүүлүк**– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык –адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

**Баалуулук – дүйнө таанымдык компетенттүүлүк** – адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө тааным категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позицияларга бек туруу;

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – ар түрдүү типтегидилбаяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

- компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;
- компетенттүүлүк тийиштүү болгон объект өзгөрөт жана кеңейет;

- компетенттүүлүктөр өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет.

### 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Негизги (түйүндүү) компетенттүүлүктөрдү – орчундуу компетенттүүлүктөр деп да атасак болот, анткени алар предметке багытталган, конкреттүү жана айкыныраак компетенттүүлүктөргө негиз боло алышат. Неигзги компетенттүүлүктөр ишмердүүлүктүн бардык жаатына тиешелүү мүнөздө деп божомолдосок болот: маалыматтык, социо-катнаштык, өзүн-өзү уюштуруучулук жана көйгөйлөрдү чечүү.

Предметтик компетенттүүлүктөр болсо окуучулардын чыныгы муктаждыктарынан, зарылчылыктарынан аныкталат да, маалыматтык, социо-катнаштык, өз ишмердигин уюштурууга жана маселе чечүүгө байланышкан орчундуу билгиликтерин калыптандырууга шарт түзөт.

1-схема: Негизги компетенттүүлүктөрдүн предметтик компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлүшү.




Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүүсүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

**2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалынын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүнүшү**

| № | Мазмундук тилкелер | Окуу материалынын бөлүнүшү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **5- класс** | **6- класс** | **7- класс** | **8- класс** | **9- класс** |
| 1. | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | Чыгарманын дүйнөсү - чындык;<br>Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөр<br>Түз жана кыйыр автордук баалоо | Автордун позициясы жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү | Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары;<br>Чыгарманын идеясы | Жазуучунун чыгармачылыгында темалардын, мотивдердин өсүшү;<br>Чыгарманын негизги проблемасы;<br>Көркөм чыгарманын авторун, каарманын жана баяндоочусун айырмалоо | Жазуучунун ахлак-адептүү идеалынын өзгөчөлүгү;<br>Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позицияны билдирүү ыкмалары |
| 2. | **Адабий каарман** | Фольклор - адабият, шарттуулук;<br>Адабий каарман | Адабий каарман | Адабий каармандын образы, мүнөз | Адабий каармандын образы | Көркөм чыгармадагы образдар системасы;<br>Адабий тип жөнүндө түшүнүк |
| 3. | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары | Орто формадагы эпикалык чыгармада (повестте) негизги эпизоддор;<br>Көркөм чыгарманын сюжети жана анын тарыхый негизи | Чыгарманын аталышынын негизиндеги окуялар;<br>Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү | Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар);<br>Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) | Сюжет жана фабула;<br>Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтери |
| 4. | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | Көркөм сөздүн негизги белгилери;<br>Негизги троптор | Публицистикалык жана көркөм текст, көркөм тексттеги сөздөрдүн коп маанилүүлүгү | Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары | Каармандардын сөзү;<br>Интонация<br>Чыгарманын кептик түзүлүшү | Образ же образдар системасын түзүүдө көркөм ыкмалардын орду;<br>Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгү |

**2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.**

Предметтер аралык байланыштар – бул окутуунун бир катар предметтердин окуу материалынын структурасына жана тандалышына таасир берүүчү өзгөчө категориясы, ал окутуунун методдорун активдештирет, окуу-тарбия процессинин бирдиктүүлүгүн камсыздап, окутууну уюштуруунун комплекстүү формаларын колдонууга багыттайт. Предметтер аралык байланыштар баарынан мурун адабияттын «Искусство» билим берүү тарамынын чектеш жана жакын предметтери («Музыка», «Көркөм сүрөт», «ДКМ»), менен, ошондой эле башкалардан көбүрөөк эне тили, тарых, коом таануменен өз ара байланыштарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Адабият окутууда тематикалык тилкелерди бөлүп корсөтүүнүн негизинде кантип предметтер аралыык байланыштарды ишке ашырууга болору 2-таблицада чагылдырылган.

**2-таблица. Предметтик аралык байланыштар жана адабият курсундагы өтмө тематикалык тилкелерде ишке ашыруунун деңгээлдери**

| | |
|---|---|
| 1. Музыка.<br>Көркөм өнөр.<br>Ата-мекендик жана дүйнөлүк көркөм маданияты | - бирдиктүү мазмундук тилкелер;<br>- жалпы компетенттүүлүктөр;<br>- чыгарманы эстетикалык баалоонун критерийлери;<br>- дүйнөнү эстетикалык өздөштүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү;<br>- концепциялар, идеялар, түшүнүктөр;<br>- ишмердүүлүктүн мазмуну (искусствонун чыгармаларын кабыл алуу), ыкмалары жана формалары. |
| 2. Эне тили | - эне тил курсунда калыптанган компетенттүүлүктөргө таяныч;<br>- окуучулардын стилистикалык компетенттүүлүктөрү;<br>- оозеки жана жазуу иштеринин жанрлары;<br>- көркөм сөз, тилдин көркөм каражаттары жана алардын функциялары. |
| 3. Тарых.<br>Адам жана коом | - тарыхый темалар;<br>- өтмө идеялар жана «түбөлүк» көйгөйлөр (тарыхый жана күнүмкү тынчтык жашоонун, согуштар менен тынчтыктын, өмүр менен өлүмдүн окуялары);<br>- универсалдуу категориялар жана баалулуктар (жакшылык, башка маданияттарды сыйлоо, сүйүү, акыйкаттык, толеранттуулук ж.б.);<br>- жалпы темалар (инсан жана мораль, милдет жана жоопкерчилик, үй-бүлө жана нике, кылмыш жана кыянат, адам жана табият) |

**3-бөлүм. Окутуудан күтүлүүчү натыйжалар жана баалоо**

**3.1. Окуу материалдарынын мазмундук ттилкелерге жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү**

| № | Мазмундук тилкелер | Окуу материалынын бөлүнүшү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **5- класс** | **6- класс** | **7- класс** | **8- класс** | **9- класс** |
| | | | | **1. Автор** | | |
| **1.** | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө) Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | Чыгарманын дүйнөсү – чындык. Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөр. Түз жана кыйыр автордук баалоо | Автордун позициясы жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү | Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары. Чыгарманын идеясы | Жазуучунун чыгармачылыгында темалардын, мотивдердин өсүшү. Чыгарманын негизги проблемасы. Көркөм чыгарманын автору, каарманы жана баяндоочусу | Жазуучунун ахлак-адептүү идеалынын өзгөчөлүгү. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позицияны билдирүү ыкмалары |
| | | 5.1.1.1. Чыгарманын темасын жана негизги оюн аныктайт, тексттен мисал менен бекемдейт.<br>5.1.2.2. Автордук түз баалоолорду таба алат.<br>5.1.2.3. Каарманга жана кырдаалга автордун мамилесин түшүндүрө алат.<br>5.1.2.4. Автордун сүрөттөлүүчүгө болгон мамилесин ачып көрсөтөт.<br>5.1.2.5. Чыгармадан тилдик көркөм кара- | 6.1.1.1. Чыгарманын адеп-ахлактык, социалдык темаларын ачып көрсөтөт.<br>6.1.1.2. Чыгарманын идеясын сюжеттин логикасынан табат.<br>6.1.2.3. Бир чыгарманын чегиндеги жазуучунун позициясын кабыл алат.<br>6.1.1.4. Жазуучулардын бири-бирине жакын темадагы жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт.<br>6.1.1.5. Бир адабий түрдүн чегиндеги | 7.1.1.1. Жазуучунун чыгармачылыгындагы мотив менен теманын өнүгүүсүнө көз алат.<br>7.1.1.2. Чыгарманын негизги көйгөйүн таба алат.<br>7.1.1.3. Чыгармадагы көйгөйдү аргументтейт<br>7.1.1.4. Көркөм чыгарманын каарманын, авторун, аңгемечисина йырмалайт<br>7.1.2.5. Көркөм тексттеги каарманга жана окуяларга жазуучу бири-бирине | 8.1.1.1.Жазуучунун адеп -ахлактык идеалынын өзгөчөлүгүн көрө билет.<br>8.1.1.2. Жазуучунун адеп-ахлактык идеалынын өзгөчөлүгүн тексттен аргументтерди келтире алат.<br>8.1.1.3.Доордун контекстинде акын-жазуучулардын көркөм идеялык изденүүлөрүн баалайт.<br>8.1.1.4. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармалардагы автордун позициясын билдирүүчү ыкмаларды айырмалайт. | 9.1.1.1. Чыгарманын адептик, социалдык-тарыхый жана ахлак-адептүү-философиялык проблематикасын алып чыга алат.<br>9.1.1.2. Түрдүү доорлордун акын-жазуучуларынын стилиндеги жана эстетикалык принциптериндеги жекечиликти жана жалпылыкты аныктай алат.<br>9.1.1.3.Акын-жазуучулардын идеялык изденүүлөрүн салыштырат.<br>9.1.1.4. Чыгармалардагы көйгөйлөрдү, аларды |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жаттарын таба алат.<br>5.1.3.6. Жазуучунун жараткан картина-сын оозеки түрүндө көз алдыга келтирип, айтып берет.<br>5.1.1.7. Автордун сезимдеринин динамикасын көрсөтүп, авторго мүнөздүү стилди берип көркөм окуй алат.<br>5.1.3.8. Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармаларды жаратат. | түрдүү жазуучулар-дын чыгармаларын салыштыра алат.<br>6.1.1.6. Жазуучунун биографиясынын учурларын комментарийлейт.<br>6.1.1.7. Акын- жазуу-чунун биографиясы менен чыгармачылы-гынын байланышын табат.<br>6.1.1.8.Чыгарма менен анын жаралуу мезги-линин ортосундагы байланышты табат.<br>6.1.3.9. Берилген мо-дель боюнча анча чоң эмес чыгармалады жаратат.<br>6.1.3.10. Чыгарманын аягын бүтүрөт.<br>6.1.3.11. Дараметине ылайык өз алдынча чыгарма (ыр, жомок. тамсил) жаза алат. | карама-каршы келе турган бааларды бере турганын көрө алат.<br>7.1.2.6. Түрдүү чыгармалардагы каармандарга карата автордун позициясы-нын окшоштуктарын жана айырмачылыкта-рын бөлүп ажыратат.<br>7.1.2.7. Жалпы жанр-дын чегинде жазуу-чулардын жеке өзгөчө-лүктөрүн айырмалайт.<br>7.1.3.8. Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат. | 8.1.1.5. Эпикалык чыгар-маны анын экранизаци-ясы менен салыштырат.<br>8.1.1.6.Эпикалык чы-гарманын экранизация-сына автордук позиция-сын билдирүү аркылуу баалайт.<br>8.1.1.7. Түрдүү мезгил-дин жана маданияттын жазуучуларынын жалпы көйгөйлөрдү чечүү өзгө-чөлүктөрүн көрө алат.<br>8.1.2.8.Автордун чыгар-мадагы көздөгөн идеяс-ынан көркөм ишке ашу-уга караган ойлорунун кыймылын көрө алат.<br>8.1.3.9. Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат.<br>8.1.3.10. Чыгарманын аягын бүтүрө алат.<br>8.1.1.11. Жазуучуга мү-нөздүү стилди көркөм окуу аркылуу бере алат | чечүүнүн жолдорундагы жана ыкмаларындагы жалпылыктар менен айырмачылыктарды салыштырат.<br>9.1.2.5. Чыгармага эстетикалык баа берет, аны аргументтейт.<br>9.1.3.6. Чыгармачылык иштерди жазганда белгилүү бир стилге келтирүү элементтерин кошуп, адабияттагы жанрдык формаларды колдонот.<br>9.1.3.7. Автордун образы боюнча ой жүгүртүү аңгемесин түзөт. |
| **2. Каарман** | | | | | | |
| **2.** | **Каарман. Адабий каарман.** | Фольклор, адабият, шарттуулук.<br>Адабий каарман | Адабий каарман | Адабий каармандын образы, мүнөз | Адабий каармандын образы | Көркөм чыгармадагы образдар системасы<br>Адабий тип жөнүндө |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Адабий каармандын образы, мүнөз. Образдар системасы Адабий тип жөнүндө түшүнүк** | | | | | түшүнүк |
| | | 5.2.1.9.Чыгарманын башкы каармандарын жана авторун атай алат.<br>5.2.1.10.Каармандардын мүнөзүн ачып берген түйүндүү эпизоддорду текстке жакын жана кыскача кылып айтып берет.<br>5.2.2.11.Жомок каармандарынын (же реалдуу каармандардын) өзгөчөлүктөрүн аныктай алат.<br>5.2.1.12. Бир же бир нече чыгарманын каармандарын салыштыра алат.<br>5.2.1.13. Окуяларды, каармандардын оң жана терс кыймыл-аракеттерин аныктайт.<br>5.2.3.14.Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат.<br>5.2.1.15. Жомоктор- | 6.2.1.12. Каармандардын жоруктары менен окуялардын арасындагы жүйө байланыштарды түшүндүрөт.<br>6.2.1.13. Каармандын мүнөзүн ачып берүүдө портреттин, тилдин, пейзаждын ролун аныктай алат.<br>6.2.2.14. Чыгарманын каармандарына өзүнүн мамилесин аргументтейт.<br>6.2.2.15. Каармандардын жүрүм-турумунун мотивдерин түшүндүрөт.<br>6.2.2.16. Каармандардын толгонууларын, иш-аракеттерин баалайт.<br>6.2.2.17. Каармандардын толгонууларын, иш-аракеттерин салыштырат.<br>6.2.3.18. Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган | 7.2.1.9.Каармандардын мүнөзүн ачып берүүдөгү лейтмотив, диалог, монологдун ролун аныктайт.<br>7.2.1.10. Аларды тексттен таба алат.<br>7.2.1.11.Автордун каарманга болгон мамилесин ачып берүүдөгү ыкмаларды тексттен бөлүп көрсөтө алат.<br>7.2.1.12.Мүнөз, көркөм образ, лирикалык каарман деген түшүнүктөрдү түшүндүрө алат.<br>7.2.1.13. Бир же бир нече тексттеги адабий каармандардын образдарын салыштырат.<br>7.2.3.14. Каарман жөнүндө ой жүгүртүүчү аңгеме (схема боюнча) түзөт.<br>7.2.1.15. Каармандарга мүнөздөмө берет.<br>7.2.3.16.Каарман жөнүндө эркин эссе жазат | 8.2.1.12. Көркөм образ, автор менен аңгемечинин образы, лирикалык каарман менен автордун образы сыяктуу түшүнүктөргө айырмалайт.<br>8.2.1.13. Образдар системасындагы каармандын ордун аныктайт.<br>8.2.2.14. Чыгарманын проблематикасынын жана автордук позиция-нын башкы каармандар-дын образдары менен өз ара байланышына көз салат.<br>8.2.3.15. Көркөм образдарды интерпретациялайт, өз позициясын аргументтейт.<br>8.2.1.16. Түрдүү жанрлардагы чыгармаларда мүнөз жаратуунун көркөм каражаттарын тексттен бөлүп көрсөтөт.<br>8.2.3.17. Сүйүктүү | 9.2.1.8. Образ жаратуудагы негизги көркөм ыкмаларды аныктайт.<br>9.2.1.9. Көркөм образдарды түрлөрдүн спецификасын (эпос, драма, лирика) эске алуу менен жаратуу ыкмаларын салыштырат<br>9.2.2.10. Каармандардын кылык-жоруктарынын себептерин жана мотивдерин байкап, айрым эпизоддорду анализдейт.<br>9.2.3.11.Адабий образдар менен адабий типтердин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктайт.<br>9.2.3.12. Көркөм образ жаратууда жазуучунун стилинин өзгөчөлүктөрүн аңдап билет жана бөлүп көрсөтөт.<br>9.2.3.13. Образдарды интерпретациялайт.<br>9.2.3.14. Өз позициясын коргоого аргументтерди келтирет.<br>9.2.3.15. Образдарды, |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | дон, аңгемелерден үзүндүлөрдү көркөм окуйт.<br>5.2.2.16. Каарманга өз мамилесин билдирет. | аңгеме түзө алат.<br>6.2.3.19.Айрым эпизоддорду сахналаштырат.<br>6.2.1.20.Баяндоо түрүндөгү (пейзаж, портрет) же аңгеме түрүндөгү үзүндүлөрдү көркөм окуйт. | | каарман жөнүндө аргументтештирилген эссе жаза алат. | адабий типтерди салыштырып аргументтештирилген эссе жаза алат.<br>9.2.3.16.Көркөм образдардын мисалында белгилүү бир көйгөйдү чечүүнү көрсөткөн презентация жасайт. |
| **3. Көркөм форма** | | | | | | |
| **3.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары | Орто формадагы эпикалык чыгармада (повесть) негизги эпизоддор<br>Көркөм чыгарманын сюжети жана анын тарыхый негизи | Чыгарманын аталышынын негизиндеги окуялар<br>Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү | Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар). Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) | Сюжет жана фабула<br>Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтери |
| | | 5.3.1.17. Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуяларды тексттен бөлүп көрсөтөт.<br>5.3.1.18. Алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштарын түшүндүрөт.<br>5.3.2.19. Түйүндүү эпизоддорду анализдейт.<br>5.3.1.20. Каарман- | 6.3.1.21. Орто формадагы эпикалык чыгармада (повестте) негизги эпизоддорду аныктайт<br>6.3.1.22. Көркөм чыгарманын сюжетин кыскача айтып берет.<br>6.3.1.23. Көркөм чыгарманын сюжетин жана анын тарыхый негизин салыштырат.<br>6.3.1.24. Тексттен | 7.3.1.17. Чыгарманын аталышынын негизинде окуяларды божомолдойт.<br>7.3.1.18. Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгүн табат жана комментарийлейт.<br>7.3.1.19. Кыска жана тандалган айтып берүүдө сюжеттин мазмунун берет. | 8.3.1.18. Негизги жана негизги эмес сюжеттик линияларды (сызыктар) тексттен бөлүп көрсөтөт<br>8.3.1.19. Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтерин (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) табат жана өз пикирин аргументтер менен бекемдейт<br>8.3.1.20.Сюжеттин логикасын көрө билет жана | 9.3.1.17.Сюжет жана фабула түшүнүктөрүн айырмалайт.<br>9.3.1.18.Сюжет жана фабула түшүнүктөрүн чыгармада бөлүп көрсөтөт.<br>9.3.1.19. Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтерин бөлүп көрсөтөт<br>9.3.1.20.Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | дардын жүрүм-турумун баалайт.<br>5.3.2.21.Турмуш материалын көркөм сюжет менен салыштырат.<br>5.3.3.22.Турмуштук таасирленүүлөр боюнча фольклор жанрындагы чоң эмес (жомок, табышмак) чыгармаларды жазат.<br>5.3.3.23.Чыгармалар дын негизинде сүрөт тарта алат. | композициянын элементтерин (интерьер, автордук мүнөздөмө, диалог, монолог ...) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып берет.<br>6.3.1.25. Аңгеменин, повесттин, ырдын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн айырмалайт.<br>6.3.3.26. Түйүндүү эпизоддорду сахналаштырат. | 7.3.3.20. Түрдүү жанрдагы чыгармалардын образ-символдорун, көркөм деталдарын, лейтмотивдерин комментарийлейт.<br>7.3.3.21. Түрдүү жанрдагы чыгармалардын образ-символдорун, көркөм деталдарын, лейтмотивдерин интерпретациялайт<br>7.3.3.22. Турмуштук таасирленүүлөрдүн негизинде аңгеме түзөт.<br>7.3.1.23. Чыгармалардан диалогдорду жана монологдорду көркөм окуйт. | андан чыгарманын идеясын табат.<br>8.3.1.21. Композициянын элементтерин (көркөм деталдар, рамкага салуу) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун аныктайт.<br>8.3.1.22. Драмалык чыгармалардын айырмачылыктарын түшүндүрөт.<br>8.3.3.23. Белгилүү тема боюнча монолог түзөт. | (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтерин салыштырат<br>9.3.1.21. Сюжеттин өзгөчөлүктөрүн баалайт.<br>9.3.1.22. Чыгармадагы конфликтти анализдейт<br>9.3.1.23. Конфликт окуя аркылуу ачыла турганын көрсөтөт.<br>9.3.1.24.Образдын композициясын түзүү жолун тексттен бөлүп көрсөтөт.<br>9.3.3.25. Лирикалык чегинүүлөрдүн ролун интерпретациялайт.<br>9.3.1.26.Түрдүү жанрлардагы чыгармалардын композицияларын анализдейт.<br>9.3.1.27.Көркөм окуу сынактарына катышат (монологдор, баяндоолор, ырлар).<br>9.3.3.28. Түрдүү жанрдагы чыгармалар боюнча спектаклдерди жазат<br>9.3.3. 29. Спектаклге же экрандаштырууга режиссёрдук комментарий |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | жазат |
| **4. Көркөм сөз** | | | | | | |
| **4.** | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | Көркөм сөз. Айрым түшүнүктөр | Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары | Көркөм сөз - айтылган сөзгө автордун мамилесин билдирүүчү каражат | Көркөм каражаттардын системасы | Көркөм каражаттар жана адабияттын өнүгүү тарыхы |
| | | 5.4.3.24.Каармандын көз карашы менен карап, абалын сезе алат.<br>5.4.3.25. Каармандын атынан кат, газетанын макаласы, окуя болгон жерден репортаж түрүндө текстти өзгөртүп айтып бере алат.<br>5.4.3.26.Чыгарма жана анын каармандары жөнүндө табышмак ойлоп түзө алат. | 6.4.1.27.Чыгарманын образдык жана эмоционалдык мазмунун эркин түшүнөт.<br>6.4.1.28. Окуган тексттин жалпы маанайын түшүнүп сезе билет.<br>6.4.3.29. Окуган чыгармасы боюнча анонс, жарнама, досуна бул чыгарманы окууга сунуштаган кат жаза алат. | 7.4.1.24. Көркөм чыгарманын негизги көркөм сүрөт каражаттарын бөлүп көрсөтөт.<br>7.4.1.25. Ырдын ритмикалык сүрөтүнүн схемасын түзөт.<br>7.4.3.26. Көркөм каражаттарды колдонуп өз көз карашын билдирген өз алдынча ангеме / эссе жазат. | 8.4.3.24.Каармандардын сөзүн текстен таап, анализдейт.<br>8.4.1.25.Көркөм чыгармада интонациянын маанисин билет.<br>8.4.1.26. Көркөм чыгармада интонациянын маанисине карата тексттен мисал келтире алат.<br>8.4.1.27.Чыгарманын кептик түзүлүшүн аныктайт.<br>8.4.3.28.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат. | 9.4.1. 30.Образдар системасында же образ түзүүдө көркөм ыкмалардын ордун аныктайт.<br>9.4.1. 31.Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн аныктайт.<br>9.4.3. 32.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат. |

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган: 1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы; 2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши.

Төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;
- портфолионун чыгармачылык презентациясы.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалардын дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1. | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10% | 1 |
| 2. | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10% | 1,2 |
| 3. | Жазуу иштери (иштердин мазмунуна багыт алуу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланыш):<br>Эркин эссе<br>Аргументтештирилген эссе<br>Түрдүү жанрларда дил баян (жомок, тамсил, ыр, аңгеме) | 20% | 2,3 |
| 4. | Көркөм окуу<br>Сахналаштыруу<br>Иллюстрациялоо | 20% | 3 |
| 5. | Чыгармачылык долбоор<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика) | 20% | 3 |
| 6. | Портфолиону чыгармачыл презентациялоо | 20% | 3 |

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат.

Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн терендиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

**Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли**

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлөт. Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку денгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн жана көркөм жалпылоого сиңүү денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл
- образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл
- идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл

**Баалоонун негизги принциптери:**

Окуучуларды баалоодо мугалим – обьективдүүлүк, негиздүүлүк, системалуулук, бирдиктүү талап, ар тараптуулук, жекелик мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

**Обьективдүү** баа субьективдүү жана жаңылыш ойду жокко чыгарат. Обьективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Алардын ичинен эң маанилүүсү окуунун максатынын диагноздуулугу, баанын мазмуну менен обьектти тандоонун негизделиши, талдоо, жыйынтыктарды баалоо методдору менен камсыздалышы. Обьективдүүлүк төмөнкүлөрдөн турат:

- билим берүү системасынын көсөткүчтөрү менен критерийлерин аныктайт;
- илимий негизделген баалоо каражаттарынын мазмуну (суроолор менен тапшырмалар, тесттер, анкета, сурамжылоо);
- ар түрдүү баалоо процедураларынын (байкоо, өлчөө, анкета алуу, суроо-жооп) туура келүүчүлүгү;

- талапка жооп берген критерийлер аркылуу системадагы компоненттердин абалын баалоо.

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе баанын чындыгынын обьективдүүлүгү баалоону аткаруучу мугалимдерден, баа каражаттарынан жана методдордон көз карандысыздыгы.

**Негиздүүлүк.** Коюлган баа сөзсүз аргументи менен болушу керек. Ошол эле учурда, аргумент мазмундуу мүнөздөлүп жана мазмун формасы менен окуучунун аткарган ишине, баанын критерийлеринин талабына жооп берүүсү керек. Бааны негиздөөдө мугалим окуу материалынын көлөмүн, деңгээлин жана берилген тапшырманын аткарылган сапатына көңүл буруусу керек. Мугалим бааны аргументтегенде төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүшү керек:

- окуучунун анализ бере билүү билгичтиги;
- себеп-натыйжалык байланыштын орнотулушу;
- ой-жүгүртүүнү маалымдоосу;
- өзүнүн көз карашын далилдөөсү;
- ар кандай шартта алган билимин колдоно билүүсү;
- окуу материалын жалпылоо менен негизгисин белгилеп көрсөтө билүүсү.

**Системалуулук принциби** билим берүү процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баа ишмердүүлүгү аткарылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Контролдоо менен баалоону системаны туруктуу текшерген жыштыкта өткөрүү керек. Баалоонун системалуулук принциби комплекстүү ыкма аркылуу аткарылып, ар кандай формалар, методдор жана баа каражаттары тыгыз байланышта бирдиктүү максатта башкарылат.

**Бирдиктүү талап.** Көпчүлүк учурларда кээ бирокуучуларга жеңил суроолор берилсе, кээ бирөөлөргө узак жоопту талап кылган тапшырмалар берилет. Ал эми окуучулардын билими бирдей балл менен бааланат. Бардык окуучуларга бирдей талап коюлушу керек. Баалоодо бирдиктүү программалык талаптар коюлушу керек, билимди баалоодо бирдей критерий болууга тийиш. Окуучулар кандай билимди кандай көлөмдө өздөштүрүшү керек экендигин билүүсү керек.

**Ар тараптуулук принциби.** Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин аныктоону, жана ошондой эле билгичтик менен көндүмдөрдү калыптандыруунун даражасын аныктоону шарттайт, алар ар тараптуулук принцибинин мазмунун түзүшөт. Мугалим ар тараптуу өнүгүү принцибин жетекчиликке алуу менен төмөндөгүлөрдү эске алуусу керек:

- өздөштүрүлгөн материал боюнча билимдин көлөмүн (окуу обьектилери жана билимдин элементтери, түшүнүк, мыйзамдар, идеялар ж.б.);
- өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, билимди текшерүү, стандарттык эмес шартта билимди колдонуу;
- билимдин сапаты (толуктугу, бекемдиги, терендиги, ийилчектиги ж.б.).

**Жекелик принциби.** Баа жекелик мүнөздү да алып жүрөт. Оозеки же фронталдык суроо-жоопто, дилбаян жазганда же жат жазуу жазганда, экзамен же зачетто дайыма өзгөчөлөнгөн билими билинип турат. Ошондуктан, баалоо процесси ар бир окуучунун билиминин деңгээлин билгенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Жекелик принциби төмөндөгүлөрдү аныктоону талап кылат:

- окуу материалы боюнча окуучу эмнелерди билет;
- окуучунун билим деңгээли кандай;

- окутуу процессинде окуучу эмнени үйрөнө алган жок;
- жетишпегенин себеби кайсы;
- билими боюнча жетишпегендигин жоюу үчүн эмне кылуу керек.

Ошондуктан, бул принциптин маңызы ар бир окуучунун өгөчөлүгүн жакындан билүү болуп саналат.

**Баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.*

**Диагностикалык баалоо.** Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана анын өркүндүтүшүнө негиз болот.

Билим берүү процессинде педагогикалык диагноздоо төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- жетишүү деңгээлин аныктоо;
- окуучунун жетишкендиктерин анын мурдагы абалы менен салыштыруу;
- окуучунун билиминдеги кемчиликтердин себебин анализдөө;
- келечегиндеги жетишкендиктерди прогноздоо;
- окуучунун жетишкендиктерин интерпретациялоо жана баалоо;
- окуучуга диагноздоонун натыйжаларын маалымдоо;
- диагноздоонун натыйжасына карата окуучунун иш-аракетин көзөмөлдөө.

Мугалим өзүнүн окуучуларын системалуу түрдө байкоосунун өзү эле диагноздоочу ишмердүүлүк болуп саналат. Мындан улам диагноздоочу маалыматтарды чогултуу кандай шартта ишке ашырылгандыгын: дал келген каражаттар мененби (класстык иштер, тесттер, анкеталар ж.б.) же ансыз элеби (мисалы, жөн гана байкоо методу) талкуулоо анчалык мааниге ээ эмес.

Диагноздоодо алгач байкоого алынган бир жак менен башка бир стандарттык деп кабыл алынган экинчи жак салыштырылат. Ага анализ кемчиликтердин себебин аныктоо максатында жүргүзүлүп, абалга жараша индексацияланып, баа берилген соң гана ошол баа менен кийинки кырдаал прогноздолот.

**Калыптандыруучу баалоо.** Калыптандыруучу баалоо – бул окуу жана окутуу процессинин алгачкы этабында өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында окуучунун өнүгүүсүн баалоо. Баалоонун бул түрүн окутууну жакшыртуу үчүн баалоо деп атоого болот. Калыптандыруучу баалоо мугалимге окуучуну окутуу максатында жасалган аракеттерди көзөмөлөөгө жардам берсе, окуучу үчүн – билим алууга карата өзүнүн жоопкерчилигин сезүүгө, мугалимдин жардамы аркылуу жеке өнүгүүсүн көзөмөлдөөгө жана план түзүүгө жардам берет. Балоонун бул түрү окутуунун инсанга багытталган принцибин ишке ашырууга негизделген. Калыптандыруучу баалоо мугалимге ар бир окуучу менен жекече иштөөгө жана окуу материалын окуп үйрөнүүдөгү айрым жетишпестиктерди аныктоого жана окуу процессин системалуу түрдө жөнгө салып турууга мүмкүндүк берет.

**Жыйынтыктоочу баалоо.** Жыйынтыктоочу баалоо – бул окуу процессинин тигил же бул этабын жыйынтыктоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулуучу баалоо.

Жыйынтыктоочу баалоо белгилүү бир убакыт аралыгында окуучунун билиминин, билгичтигинин жана анын компотенцияларынын жыйынтыгы мамлекеттик билим берүү стандартындагы коюлган талапка жооп берүү деңгээлин аныктайт. Аны билим берүү этаптарында жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга болот. Жыйынтыктоочу баалоо – бул таанып билүү процессинин тигил же бул этабында жалпылоо (жыйынтыгын чыгаруу) үчүн колдонулган баалоо.

Жекече аткарылган тапшырмаларды ***утурумдук баалоо*** баанын нормаларына жараша (туура чыгарылыштардын саны, кетирген каталардын саны, аткаруу эрежелеринин тууралыгы ж.б.), ошондой эле мугалим тапшырган өзүнчө ишти аткаруу боюнча критерийлерге жараша жүргүзүлөт. Мугалим утурумдук баалоодо окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө жараша окуу материалын өздөштүрүүсүнө баа берет.

***Аралык баалоо*** төмөндөгү иштердин түрүн аткаруунун негизинде жүргүзүлөт:

- жазуу иштер/булактар менен иштөө;
- оозеки жооп /жүзачар;
- долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

***Жыйынтыктоочу баалоо*** мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы ылайык) жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша кат жүзүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

## 4-бөлүм. Билим берүү процессине коюлуучу талаптар

### 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Бала көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк андап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. Көрүүгө болжолдонгон – видеокассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер, экстерьер), схемалар ж.б.у.с.
2. Угууга болжолдонгон – аудиокассеталар, уялдук телефондордогу мукамдар (музыкалар), магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.

3. Жазууга болжолдонгон – тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, баян, диктанттар ж.б.у.с.

4. Талдоо кылууга болжолдонгон – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.

5. Сүйлөөгө болжолдонгон – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с

**Адабиятты окутуу методдорунун классификацияланышы**

Адабиятты окутуу методикасында методдор тууралуу түшүнүктөр ар дайым эволюциялык аракетте болуп, улам жаңы ойлор менен толукталып келгендигин байкайбыз.

**Эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө) методу** – текстти бир топ терең талдоого жол ачып, адабияттануунун материалдарын пайдаланат, б.а., адабий чыгарманы илимий-теориялык жактан таанып билүүгө жол ачылат. Проблеманы чечүүнүн ар кандай жолдору изделет. Булар көбүнчө эвристикалык аңгемелешүү аркылуу ишке ашат. Бул методду жарым-жартылай изденүүчүлүк деп да аташат. Тапкычтыкты, активдүүлүктү өнүктүрүүчү окутуунун методу катары мугалим менен окуучунун чыгармачылык иш аракетинде тапшырмаларды табуу жолун тездетет.

Эвристикалык методго төмөнкүдөй ыкмалар мүнөздүү:

1. Суроолордун логикалык жактан так коюлушу жана ошонун негизинде окуучулардын кандайдыр бир көрүнүштөрдү байкоолордон анализдөөгө, жеке мүнөздөгү жыйынтыктардан жалпылоолорго өтүшү.

2. Көркөм чыгарманын текстти, же сын макала, иллюстрациялык материалдар боюнча жалпы класс, же бир топ, же жеке берилген суроолордон турган тапшырмалардын системасын ылайыктуу жайгаштыруу.

3. Мугалим тарабынан проблеманын коюлушу же аны окуучулардын улантышы, диспут өткөрүү.

Методикалык ыкмалары – өз алдынча билим алууга шарт түзүүчү, текст боюнча тапшырмалардын ырааттуулугун жайгара билүүчү, проблема чыгара алуучу суроолордун логикалык системасын таба алуу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгармалардан материалдарды ылгай алуу; текстти анализдөөнүн элементтери менен айтып берүү; эпизодду анализдөө; образ-каармандарды анализдөө; дилбаянга, докладга ж.б. иштерге план түзүү; проблеманы көтөрө билүү.

**Изилдөөчүлүк методу** – кыргыз адабияты предметине чыгармаларды өз алдынча талдоо жүргүзүүчү ишмердүүлүк. Мында окуучулар жеке жана топтук изилдөө жүргүзүү менен чыгарманын идеялык-эстетикалык кунарын ачып билип, турмуш жана өз жашоосу менен салыштырып, көркөм табитин көтөрөт. Бул жагынан ал эвристикалык методго жакын болгону менен мында эвристикалык методдон үйрөнгөн чыгармаларды талдоо жана аларга баа берүү инструментарийлерин анадан ары иштетип, бир топ татаал проблемаларды окуучулар өз алдынча чече баштайт.

Методикалык ыкмалары – изилдөөчүлүк милдет тагылган проблемалык суроолорду коюу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгарманын бөлүктөрүн же бүт баарын өз алдынча талдоо, салыштыруу, баа берүү. Мугалим окуучуларга багыт жана кеңеш гана берет да, өзү пассивдүү байкоочу катары сыртта турат, изилдөөнү жана

иликтөөнү окуучу же окуучулар тобу жүргүзөт. Мында ар кандай эссе, дилбаян, доклад жазууга, адабияттаануу, эстетика багытындагы эмгектерди пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулат да, окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө шарт түзүлөт.

**Репродуктивдүү методдо** окуучулар билимди даяр түрдө алат, мисалы, алар мугалимдин лекциясынан, баяндоосунан, окуулуктардан, окуу колдонмолорунан, адабияттаануу багытындагы китептерден предметке байланыштуу маалыматтарды алат. Бирок бул ошол материалдарды ошол бойдон «мээсине көчүрүп алат» дегендик эмес, механикалык кабылдоодон аң-сезимдүү кабыл алууга өтөт дегендик. Даяр материалды бала өз даярдыгына жараша иштеп чыгып, жалпылап, жыйынтыктап, мурда алган билими менен толуктап турат.

Методикалык ыкмалар – мугалимдин баяндоосу; мугалимдин лекциясы; обзордук лекциялар; окуу китеби жана окуу куралдары боюнча тапшырмаларды берүү.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – мугалимдин лекциясынын планын түзүү жана конспектилөө; план коюу; окулган материалдарды конспектилөө жана тезис жазуу; синхрондук таблицаларды аткаруу; мугалимдин лекциясы, окуу китеби, окуу колдонмолору боюнча оозеки жоопторду даярдоо; тема же проблема боюнча жалпылоочу багыттагы дилбаяндарды, докладдарды даярдоо.

**Долбоорлоо методу.** Соңку кылымда азыркы педагогикада долбоорлоо (проект) методу деген түшүнүк пайда болду. Долбоорлоо методу окуучулардын жамааттaшып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүк. Мугалим менен окуучу кызматташып, ар кандай илимий билимдердин табылгаларын пайдаланып жаңы нерселерди издеп, аларды долдоорлойт. Методдо бала билген билимди дагы байытып, дагы өркүндөтүп гана калбай, аны иш жүзүндө колдоно баштайт.

Биринчи этап – уюштуруу этабында топтор жана алардын кызыгуу чөйрөсү аныкталат.

Экинчи этап – болочок долбоорду тандоо жана башкы идеяларын талкуулоо этабы болот да, анда долбоорду эмне үчүн түзөбүз жана андан кандай натыйжаларды алабыз дегендей максат-милдеттер белгиленет, тема дагы так аныкталып, план түзүлөт.

Кийинки – долбоордун курамын аныктоо, топторго милдеттерди бөлүштүрүү жана керектүү материалдарды тандоо этабында жалпы жөнөкөй план жазылат (ал кийин кеңири багытта түзүлүүгө тийиш), тема боюнча топтун жана окуучулардын кызыгууларына жараша тарыхый, археологиялык, крайтаануу, искусство чыгармалары, иллюстрациялар тандалат.

## 4.2. Кызыктыруучу окутуу чөйрөсүн түзүү

Кыргыз адабияты сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда өнүмдүү (натыйжалуу) окуу технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет**.** Технология текст менен иштөөнүн үч этабын киргизет, бул этаптар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

**I этап. Текстти окууга чейинки иш.**

**Актуалдаштыруу. Антиципация** (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.

Сабактын максаттарын коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

**II этап. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.**

- Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө. *Текстти кайрадан окуп чыгуу.* Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.
- Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен анын анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

**III этап. Текстти окугандан кийинки иш. Кийинки окуу.**

- **Интерпретациялоо. Текст боюнча концептуалдуу (маанилик) маек**. Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо. Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.
- Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

**1-схема.**

